**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ,
УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ
ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

***Кол жазма укугунда***
***УДК**: 1(091) (575.2) (043.3)*

**АЗИЗОВА ДИЛБАРА ШАКИРОВНА**

# СУФИЗМДИН ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ТАБИЯТЫ ЖАНА МОРАЛДЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ФИЛОСОФЕМАЛАРЫ

09. 00. 03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек-2021

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин социалдык иштер кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович**<br>философия илимдеринин доктору, профессор, эмгек жана социалдык мамилелер академиясынын ректору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Алымкулов Марат Сапарбекович**<br>философия илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу академиясынын мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу |
| | **Тоголоков Айбек Мойдунович**<br>философия илимдеринин кандидаты, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин философия жана социалдык илимдер кафедрасынын доценти |
| ***Жетектөөчү мекеме:*** | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы, Дареги: 720023, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Саманчин көч. 10. |

Диссертациялык иш 2021-жылдын 19-февралында саат 13:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты) жана маданият, искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча үчүн түзүлгөн Д 09.19.591 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.), К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек ш.,Тынчтык пр. 27) жана диссертациялык кеңештин сайтынан www.fil.kg таанышууга болот. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу:19932510.

Автореферат 2021-жылдын 19-январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер** **Ж.К.Асанов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Эркиндикке ээ болуу менен улутубуз социомаданий процесстерди демократиялаштырууга, өкүм сүрүп келген ар кандай тыюу салуулардан, чектөөлөрдөн арылууга мүмкүнчүлүк алды. Ушуга байланыштуу учурунда бир жактуу ыгы жок (атеисттик) караалоого дуушар болгон ислам динин, анын адамзатка көптөгөн алгылыктуу жактары болсо да биз чанып келгенбиз. Мунун объективдүү жана субъективдүү себептери бар. Учурда ошол кетирилген тарыхый катаачылыктарды оңдоо максатында ислам дининдеги мистикалык окуу болгон жана орто кылымдардагы Борбор Азиядагы негизги философиялык багытка ээ болгон "Суфизмдин" прогрессивдүү жана позитивдүү мааниси бар моралдык-этикалык, маданий-эстетикалык парадигмаларын иликтөө бир чети актуалдуу болсо, экинчиден биздин негизги вазыйпабыз болуп саналат.

Орто кылымдарда Чыгыш-Батыш маданияттарынын өз ара тыгыз коммуникациясы күчөп, бирин-бири толукташып турган. Башкача айтканда бул мезгилде руханий нарк-дөөлөттөрдүн карым-катнашынын негизинде *"Борбор Азиялык цивилизация"* жаралган. Бул чөлкөмдө мындай улуу маданияттын пайда болушуна ислам дининин орду өзгөчө экендиги талашсыз. Бүгүнкү күнү орто кылымдардагы Бобордук Азия элдеринин рухий мурастарын изилдөөдө чыгыш таануучулар, ислам таануучулар жана жалпы гуманитардык илимдерге кызыккан изилдөөчүлөр үчүн жаңы-жаңы кызыктуу да, жемиштүү да табылгаларды, ачылыштарды берип жатат. Анткени, айрыкча бул регионго (борборазия чөлкөмүнө) араб-мусулман маданиятынын таралышы менен жалпы адамзаттын мүнөзүнө, рухий турмушуна жана күндөлүк жашоосуна таасир этүүчү тарыхый-маданий процесстер да кеңири кулач жая баштаган.

Чыгыш элдеринин, анын ичинен кыргыз элинин өткөнү, азыркысы, келечеги жалпыланган, турмуштун татаал кубулуштарын акыл-эстин элегинен өткөрүп, табият табышмактарынын жандырмагын, аалам сырларын, адамзаттын көп кырдуулугун, жакшы жашоо, өмүр, өлүм, чындык, сулуулук, коздук, сүйүү өңдүү проблемаларды иликтеп, терең ойго сиңирилген орто кылымдагы "суфизм" сыяктуу тарыхый-философиялык окуулар бизге тартуу катары калтырып кеткен.

Суфизмдик диний эмгектерде эң негизги адам баалуулуктары, гуманисттик принциптер, этика-эстетикалык түшүнүк-түшүнүмдөрү алардын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү ой-пикирлердин логикасын айгинелейт. Суфий эмгектеринен жалпы адамзаттык баалуулуктар (парадигмалар): адамзат рухундагы айкөлдүк, адилдик, асылдык, сулуулук, коздук, адамгерчилик, чындык, сүйүү өңдүү өз баасын жана маанисин жоготпогон субстанция-императивдерди иликтөө аркылуу моралдык-эстетикалык илимий парадигмалардын (түшүнүк, категориялар ж.б.) логикалык табиятына назар салуу бүгүнкү күндүн талабы.

Суфизмдин моралдык-эстетикалык концептеринин жобо-сентенцияларын камтыган теманын алкагынан талдоого алып, алардын көп кырдуу бай маңыз-мазмундарында камтылган «адилетүүлүк»,

«адамгерчилик», «акыйкат», «сулуулук», «сонундук», «кооздук», «баалуулук», «тазалык», «асылдык» сыяктуу түшүнүктөрдүн концептуалдык маанисине токтолдук. Аталган диний-мистикалык, философиялык феномендин (суфизм) адамдын өзүнө, келечек урпактарга, жаратылышка байланыштуу, нукура моралдык-этикалык, маданий-эстетикалык идеяларын, орто кылымдарга мүнөздүү этика-эстетикалык түшүнүктөр аркылуу, тарыхый-логикалык, абстракттуулук-конкреттүүлүк жана анализ-синтез ыкмаларынын негизинде таасындадык.

Борбор Азия дүйнөлүк диндер менен локалдык культтардын өз ара таасир этүү жана бири-бирине сабырдуу мамиле кылуусу үчүн шарттарды калыптаган регион болгон. Ал нерсе шексиз түрдө бул аймакта жашап жаткан азыркы элдердин менталитетине терең из калтырган. Бул маселени ар тараптан илимий изилдөө бүгүнкү күндүн зарыл милдети десек ашыкча болбойт.

Суфизмдин жана анын өзгөчө баалуу тарыхый-философиялык парадигмаларын: онтологиялык, гносеологиялык, этика-эстетикалык, моралдык-маданий ж.б.у.с. окууларын иликтеп, окуп-үйрөнүү дүйнөлүк ойчул-окумуштууларды кызыктырып келгендиги тегин эмес. Айрыкча Аль-Газалинин, Ибн-Арабинин, Руминин, Саадинин, Жаминин орто кылымдардагы суфизмдик чыгармалары бүгүнкү күнү да өз маани-маңызын жоготпостон этика-эстетика жааттагы мүнөзгө ээ. Суфизмдин батыш-чыгыш парадигмалары аркылуу синтезделген илимий доктриналар өзгөргөн жыңы доордун акыл-ой туюнтмаларына айланган. Натыйжада чыгыш таануу жана ислам таануу адабияттарында ар кандай маани-мазмундагы диний-философиялык, илимий эмгектер, изилдөөлөр жарык көргөн.

Орто кылымдагы диний-философиялык агымды изилдөөгө өздөрүнүн өзгөчө зор салымдарын кошуп келишкен төмөндөгү ойчул-окумуштууларды атоого болот: Альфреда фон Крамер, Ф. Толука, Р.Дози, А.Е.Крымский, В.А.Жуковский, И.Голидциэра, А.Мец, Г.Вамбери, Цветков, А.Массэ, К.Казанский, П.Позднев, Е.А.Беляев, И.П.Петрушевский, Л.И.Климович, Б.Г.Гафуров, И.М.Муминов, А.М.Богоутдинов, М.М.Хайруллаев, М.Т.Степанянц, А.Мухаммадходжаев, Б.Исматов, М.Зокиров, Р.Габуния ж.б.

Суфизмдин башка тармактары боюнча өкүлдөрүнүн эмгектерин айрым окумуштуу-чыгыш таануучулар жеткиликтүү зор ынтаа менен изилдешкен. Алар: В.А.Гордлевский, В.В.Бартольд, Е.Э.Бертельс, В.Л.Вяткина, Г.М.Керимов, А.Болдырев, А.А.Семенов, Н.Л.Остроумова, Н.Лыкошин, К.Арипов, К.Олимов ж.б. Булардын эмгектеринде орто кылымдык суфийлердин теориялык жана практикалык жактан дүйнө караштык концепциялары анализге алынган.

Ошону менен бирге кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан аталган маселени изилдөөдө анын теориясы жана тарыхы кызыктыргандыгын алардын эмгектеринен байкоого болот. В.В.Бартольд, В.А.Гордлевский, П.Цветков, Г.Вамбери, А.А.Семенов. Н.Лыкошин, П.Позднев, И.М.Муминов, А.М.Богоутдинов, М.М.Хайруллаев, В.Л.Вяткин, А.Болдырев, Б.Исматов, А.Мухаммадходжаев, А.Сафаров, А.И.Нарынбаев, А.А.Бекбоев ж.б. баалуу

эмгектеринде орто кылымдардагы борборазия суфизмине арналган илимий эмгектерди жана макалаларды учуратууга болот.

**Диссертациянын темасы мекемелер тарабынан өткөрүлгөн ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун илимий иштеринин жана “2014-2020-жж. Кыргыз Рсепубликасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат концепциясынын” негизинде ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги максаты - орто кылымдардагы Борборазия элдерине тиешелүү, анын ичинен кыргыздарга да мүнөздүү болгон рухий феномендин (суфизмдин) генезисин, табиятын жана эволюциясын тарыхый-философиялык өңүттөн анализге алуу менен, анын моралдык-эстетикалык маани-маңызын илимий назарияттын элегинен өткөрүү.

Аталган максатты жетишерлик деңгээлде ишке ашырууга багытталган диссертациялык изилдөөнүн төмөнкү **милдеттери** аныкталган:

1.Орто кылымдардагы диний-философиялык окуунун (суфизмдин) социомаданий жана тарыхый-философиялык маңызын адекват аңдап, анын дүйнөлүк цивилизациядагы таасирин тактап, концептуалдык өзгөчөлүгүн дааналоо;

2.Диний-мистикалык социоэтиканын мазмунун гуманисттик категорияларынын парасатын ачып көрсөтүү;

3.Суфизмдин логика-гносеологиялык экспликациясын айрым өзгөчө мазмундук кудуретке ээ бологон жагдайларын айкындоо;

4.Сулуулук, кооздук категорияларынын алкагындагы орто кылымдык диний-мистикалык парадигмаларынын (концептеринин) философемалык мүнөзүн тактоо;

5.«Куттуу билим» трактатындагы моралдык-эстетикалык жоболорду учурдун талабына ылайык илимий-классикалык талдоодон өткөрүү;

6.«Куттуу билимдеги» этика-эстетикалык суфифемалык концепттерин изилдөөгө байланыштуу илимий тажрыйбада белгиленип жүргөн айрым маселелерди конкреттештирүү.

**Изилдөөнүн алынган жыйынтыктарынын теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөбүздүн теориялык мааниси орто кылымдардагы, дегеле адамзат жашоосундагы моралдык-эстетиканын тарыхый-философиялык өзгөчөлүктөрү, өнүгүү жолу, мезгил менен байланышкан мыйзам ченемдүүлүктөрү талдангандыгында. Моралдык-эстетикалык дөөлөттөр аркылуу инсанды тарбиялоодо чоң милдетти аткарып, антигуманисттик терс көрүнүштөр жана тенденциялар менен күрөшүүдө өзгөчө мааниге ээ болгондуктан, бул категорияларды ар тараптуу жана комплекстүү иликтөөгө алуу теориялык маанилүү жумуштардын бири болуп саналат.

Диссертациянын практикалык мааниси болсо, биздин изилдөөбүздө берилген тыянактар, сунуштар философиянын тарыхы, этика, эстетика илиминдеги жана кыргыз философиясынын тарыхындагы илимий-теориялык бөксөлүктү толтуруп, аталган илимдер боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн жана ушул тармакка кызыккандардын изилдөөлөрүндө пайдаланылат деген ойдобуз.

**Иштин илимий жаңылыгы** катары илимий иште негизинен алгачкы ирет буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып суфизмдин моралдык-эстетикалык философемалары тарыхый-философиялык рефлексияда талдоого алынды, бул иште жалпы социофилософиялык (дүйнө караштык) жоболор этика-эстетикалык концепттер менен тыгыз байланыштырылып каралып, идеялык жана гуманисттик компонент-философемалардын мазмунун далилдүү негиздер аркылуу айкындоого аракеттер жасалды. Диссертациялык иштин жаңылыгы иретинде төмөнкү жоболор аныкталды:

-Орто кылымдагы диний-философиялык окуунун (суфиздин) моралдык-эстетикалык философемаларындагы айрым категорялары (гуманизм, эстетизм, аксиологизм) бүтүндөй адамзатына ар убак моралдык-этикалык жана маданий-эстетикалык азык тартуулап турарлыгы тарыхый-философиялык, илимий фактылардын, аргументтердин негизинде далилденди;

-Борборазиялык суфизмдин генизиси, табияты жана өнүгүү эволюциясы илимий назарияттын нугунда каралып, такталды;

-Суфизмдин логика-гносеологиялык экспликациясы (таанымсыздыкты таануу менен аныктоо) ыкмасы менен анализге алынды;

-Суфизмдик диний ишенимдеги кудайга (абсолютка) болгон сүйүү-урмат, адам сулуулугу, жаратылыш коозduктары жөнүндөгү жан дүйнөгө өзгөчө таасир берген философемалардын өзгөчөлүктөрү аныкталды;

-Моралдык нормалар менен эстетикалык категориялардын диалектикалык жана органикалык биримдиги дааналанып, моралдык-эстетикалык элементтердин (жекеликтердин) гармониясынын (жалпылыгынын) тарыхый-философиялык алкакта талданды;

-“Куттуу билимдеги” этикалык жана эстетикалык суфифемалык концепттердин тутуму ар тараптуу иликтөөгө алынып, жаратылыш кооздугу менен адам сулуулуктарынын шарттуулугу (көркөм каражат-субъективдүү реалдуулук менен акыйкаттулуктун дал келбеши) аныкталды.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.** Суфизмдин моралдык- эстетикасынын теориялык концепцияларынын негизинде тарыхый-философиялык анализдөө изилдөөнүн төмөнкү коргой турган жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт:

1. Суфизмди жана ага байланышкан маселелерди изилдөөдө “суфи” сөзү гректин “софия” сөзүнөн келгендиги жана Чыгыштын улуу философу Абу Райхан Беруни “Суфи” грек тилинен которгондо “акылмандык” деген маанини билдире тургандыгын баса белгилеп, бул тилде философторду

“файласуфа” б.а. “акылмандыкты сүйүүчү” деп аташкандыгы өзү суфизм нагыз философиялык маани-мазмунга мүнөздүү окуу.

2. Орто кылымдардагы суфизмдин белгилүү өкүлү Жалалиддин Руми адамды абсолюттук чындыкты таанып-билүүгө жөндөмдүү бирден-бир акыл-эстүү жаныбар “биздин жардамыбыз менен чындыкты таанып-билүүгө Кудай бизди, адамды жараткан”. Бул концепция боюнча бүткүл суфий гнесологиясы хадистен келип чыгат жана ага негизделет. Демек, суфизм гнесологиясы боюнча таанып-билүүнүн объектиси Кудайдын өзү, ал эми Кудай тарабынан жаратылган адам таанып-билүүнүн субъектиси, анын максаты жана милдети – абсолюттук чындыкты аңдап-билүү.

3. Суфизмдин гуманисттик концепциялары идеалдуу жүрүм-турум катары диний доктринанын рамкасы менен чектелбеген, айрым учурларда болсо алтурсун аларды көзгө илбеген же танган жүрүм-турумду эсептешет. Алардын ар бир мусулман үчүн милдеттүү болгон беш буйрукка болгон мамилесин көрсөтмө катары кароого болот. Суфийлер шексиз түрдө “Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын элчиси” деген формуланы кабыл алышкан, бирок, көрсөтүлгөн формула алардын чечмелөөсүндө салттуу исламдагыдан көбүнчө кардиналдуу айырмаланган: диний монотеизмге көбүрөөк кудайды жана макулуктар дүйнөсүн пантеисттик түшүнүүнү каршы коюшкан.

4. Суфизмдин орто кылымдарда иштелип чыккан тероияларында кооздукту жана сулуулукту адам сезиминин күчөтүлүшү баса белгиленип, бул доорлордогу адабий мурас «Махаббат аль жамалда» (сүйүү жана сулуулук) сулуулук аркылуу тарбияга өзүнчө орун берилет, мында негизги басым суфисттер кооздук жана сулуулукка утилитардык жана эгоисттик максатта мамиле жасабоого чакырылгандыгы белгиленет.

5. Суфизмдик эмгектерди “адамзат философиясы” деп атоого алардын чыгармаларында кеңири колдонулган төмөнкү: “жакшылык менен жамандык”, “адептүүлүк менен наадандык”, “билимдүүлүк менен билимсиздик”, “сылыктык менен оройлук”, “байлык менен жакырчылык”, “жаштык менен карылык”, “өмүр менен өлүм” ж.б.у.с. турмуштук, моралдык-этикалык категорияларды эстетикалык категориялар менен бирге салыштырып кароо табигый көрүнүш.

6. “Куттуу билимдин” этика-эстетикалык суфифемалаларынын баалуулугу анын коомдук өсүшкө керектүү ар түрдүү көз караштарга, ойлорго бай экендигинде гана болбостон, баарыдан мурда ал ойлорду поэтикалык образдар, ар түрдүү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу так, элестүү көрсөтө алгандыгында. Ошондуктан чыгарманын көркөм композициясын бекемдеп турган элементтердин ээлеген орду, аткарган көркөмдүк кызматы олуттуу.

7. Бүгүнкү күнү өзгөчө рухий жардылык, ыйман дегредациясынын күч алышы, адамдардын ички дүйнөсүнүн бузулушу сыяктуу терс жагдайларды да жаратууда. Жогоруда айтылган жагдайлар (карама-каршылыктар) күч алып турган мезгилде суфизмдик моралдык-эстетикалык дөөлөттөргө кайрылып, жалпы адамзаттык баалуулуктарды (парадигмаларды): адамзат

рухундагы айкөлдүк, адилдик, асылдык, сулуулук, адамгерчилик, чындык, сүйүү өңдүү өз баасын жана маанисин жоготпогон субстанция-императивдерди изилдөө учурдагы илимий зарылдык болуп эсептелет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изденүүчү тарабынан орто кылымдардагы Борборазия, анын ичинен кыргыз элиндеги суфизмдеги философиялык ойлордун моралдык-эстетикалык парадигмаларын тарыхый-философиялык проекцияда карап, атайын илимий объект катары талдоого алып олтургандыгында. Мындан сырткары диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору философиянын тарыхындагы, этика, эстетика, культурология илимдериндеги моралдык-этикалык жана маданий-эстетикалык маселелерди изилдөөдөгү жеке салымы болуп эсептелет жана этика-эстетиканын маани-мазмунун ачып берүүдөгү иманенттүү мүнөзүн таанып-билүүдө методологиялык жактан мамиле жасоого жол ачат.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар Ош мамлекеттик университетинин студенттери үчүн өткөн лекцияларда, атайын курстарда, семинарларда, эл аралык жана жергиликтүү мүнөздөгү илимий-практикалык жыйындардагы докладдардын мазмунун камтыган макалаларда чагылдырылган. Илимий иштин концепциялары жана теориялык жыйынтыктары алгач Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасынын жыйынында талкууланды жана жактырылды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы**.Диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмуну 12 илимий басылмаларында чагылдырылган. Алардын ичинен 1 монография, 4 макала чет өлкөлүк басылмаларда, 8 макала индекстештирилген РИНЦ системасындагы журналдарда, 1 макала ЖАКтын электрондук журналында жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Жалпы көлөмү 156 беттен турган диссертациялык иш изилдөөнүн максаттары, милдеттерине шайкеш келет жана илимий иштин негизин камтыган киришүүдөн, эки главадан, беш параграфтан, корутунду бөлүмүнөн, 164 аталыштагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы жана методдору аныкталды, теориялык жана практикалык мааниси көрсөтүлдү, ошондой эле изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

Биринчи бап **«Суфизм: генезиси жана табияты»** деп аталып, ал эки параграфтан турат. Аталган баптын биринчи параграфы **«Суфизмдин социомаданий жана тарыхый-философиялык маңызы»** деп аталат да, анда Борборазия элдерине мүнөздүү болгон орто кылымдардагы диний-мистикалык, рухий-философиялык феномендин (суфизмдин) пайда болуусунун өбөлгө-шарттары, анын этимологиясы жөнүндөгү ар кандай пикирлерди, тарыхый булактары, суфий аалымдары, суфизмдик агымдар

жана өнүгүү этаптары илимий, тарыхый-философиялык проекцияда каралган.

Суфизмдин тарыхын изилдөөчүлөр жана ыйыктардын өмүр жолун жазган авторлор жана дин изилдөөчүлөр суфизмди исламдын өз алдынча агымы катары VII кылымдын аягында, VIII кылымдын баш чендеринде пайда боло баштаган деп эсептешет. Буга мисал катары XI-XII кылымдардагы суфизмдин көрүнүктүү өкүлү Фарид-адин Аттардын “Тазкират-ал-авлиясынан” (ыйыктардын өмүр баяны) эмгегинде баяндалат.

Суфизмди жана ага байланышкан маселелерди изилдөөгө алышкан көпчүлүк окумуштуулар “суфи” термини араб тилиндеги “суф” (жүн) сөзүнөн келген, ал эми “тасаввуф” жүндөн токулган кийим кийген деген маанини билдирет деп белгилешет [Богоутдинов, А. Очерки истории таджикской философии [Текст] / А.Богоутдинов. – Сталинабад: Таджикгосиздат, 1961. 167-б.]. Башка бир изилдөөчүлөр “суфи” сөзү гректин “софия” сөзүнөн келген деген пикирди карманышат. Чыгыштын улуу философу, врач-энциклопедист Абу Райхан Беруни мынтип жазган: “Суфи грек тилинен которгондо “акылмандык” деген маанини билдирет. Бул тилде философторду “файласуфа” б.а. “акылмандыкты сүйүүчү” деп аташат” [Акмолдоева, Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов [Текст] /Ш.Б.Акмолдоева. –Бишкек: Илим, 1998. 75-б.]. Дагы бир изилдөөчүлөр суфилер Каабада (мусулмандардын сыйынуучу жайы) жашаган уруулар болгон деп эсептешет. Алар ыйык жерлерди тазалоо менен алек болушкан. Бул тууралуу Аби Якуб Юсуф ибн Иса ибн Абдурахман ибни аз-Зият мынтип жазат. Ибн Фарис: “Савфаттар ислам пайда болгонго чейин, б.а. варвардык мезгилдерде Каабада жашап, сыйынуучуларга жетекчилик кылышкан, аларга баш-көз болушкан”,-деп айткан. Алар дайыма намаз окушуп, сыйынышып эң таза аскеттер катары эсептелишкен.

Айрым аалымдар болсо суфи сөзү арабдардын суфа (бийик көтөрүлгөн таш, супа таш урчугу) сөзүнөн келип чыккан деп жазышат, бул жерге Мухаммедди угуш үчүн анын достору жана жан-жөкөрлөрү чогулушкан. Иран окумуштуусу, доктор Эхсонуллах Истахри “Усули Тасаввуф” (суфизмдин принциптери) китебинде Абулкасым Жароллах Махмуд ибн Омар аз-Замахшаринин төмөнкүдөй пикирин келтирет. Суфилер “суфон” же “савфон” деп аталган уруулар, алар Каабада кызмат кылышып, аскеттик мүнөздө жашашкан жана өздөрүнүн үлгүлүү жүрүм-турумдары менен өзгөчөлөнүшкөн. Бул уруулар диний каада-салттарды жана жоболорду сактоосу боюнча Мухаммед пайгамбардын жан-жөкөрлөрүнө окшош болушкан. “Суфон” же “савфон” уруулары сыйынуучуларды Арафат тоосунда тосуп алышып, Каабанын өзүнө чейин узатып келишкен”. Башка бир изилдөөчүлөр “суфи” термини (сафо) же (таза сафо) сөздөрүнөн келип чыккан деп айтышат.

Кушейри суфи сөзү (сафо-тазалык), (сафи аввал-жакынкы катар), б.а. Аллага жакын адамдар деген пикирге да кошулбайт. Анын оюу боюнча бул сөз суфи сөзүнүн этимологиясына туура келбейт. Кушейри суфи сөзү ат,

аталыш же башка сөздөрдөн келип чыккан деп айткандардын баарынын пикирине каршы чыгат жана суфи лакап ат деп бекемдейт.

Абу Райхан Беруни суфи грек тилиндеги “софия” деген сөздөн келип чыккан деп эсептөө менен мынтип жазат: “Айрым мусулман ойчулдары суфийлердин пикирлерине кошула башташканда кээ бир түшүнбөгөндөрү аларды ушундай ат менен аташкан жана чамалап эле аны араб тилиндеги ас-суффа сөзү менен байланыштырышкан да суфийлерди Мухаммед пайгамбардын мезгилиндеги асхаб-ас-суффа деп эсептешкен. Бара-бара бул сөздү туура эмес айтуу менен аны суфи сөзүнөн келип чыккан, б.а. “эчкинин териси” деген маанини түшүндүрөт деп кабыл алышкан”.

П.Позднев “Мусулман дүйнөсүндөгү мусулмандар” китебинде Чыгыштын жана Батыштын Чыгыш таануучуларынын “суфи” сөзүнө карата түшүндүрмөлөрүн мисал келтирүү жана аларга баа берүү менен мындайча жазат: “Суфи сөзү чындыкты тапкан жана аны сүйгөн акылман адам, дервиш дегенди чагылдырат. Демек, “суфи” сөзү жогоруда аталып өткөндөргө караганда дервишчиликтин башкы идеясын, жок эле дегенде анын ички мазмунун билдиргенге жакын".

Доктор Эхсонуллох Истахри “Усули тасаввуф” аттуу эмгегинде суфи сөзүнүн ар түрдүү маанилерине, ага ар түрдүүчө түшүндүрмө берилишине токтолот жана Кушейринин бул сөздүн ас-суф (жүн) дегенден келип чыкпаган деген пикирине төмөнкүчө каршы чыгат: “Кушейринин бул сөзү чындыкка коошпойт, себеби көпчүлүк бай адамдар кымбат баалуу кийимдерди кийишкен. Ал эми бул дүйнөнүн жыргалчылыгынан кечишкен (тавоноии ботини) дервиштер адамдын денесине жакшы отурбаган одоно жана копол тигилген жүндөн токулган кийимдерди кийишкен. Мындан улам “суфи” жүн сөзү менен түздөн-түз байланышкан деп божомолдоого болот”. Бул пикирди орто кылымдагы мусулмандык Чыгыштын белгилүү ойчулу Ибн Халдун да колдойт. Ал Кушейринин пикирлерин четке кагуу менен мынтип жазат: “Суфи” суф сөзүнөн келип чыккан, себеби алар кымбат баалуу кийимдерди кийүүдөн баш тартышып, жүндөн токулган кийимдерди кийишкен”.

Биздин оюбузча, “суфи” түшүнүгүнүн келип чыгышы боюнча айтылган көптөгөн пикирлердин ичинен суфинин лакап ат экендиги тууралуу болжолдогон Абду Райхан Беруни жана Абулкасым Кушейринин ойлору чындыкка жакын. Бул ойчулардын пикирлеринен башка дээрлик бардык божомолдор объективдүү эмес, себеби, биринчиден, алардын басымдуу көпчүлүгү суфизмди ислам дининин окуусу менен байланыштырууга, тасаввуф менен исламды жакындаштырууга аракет жасашкан.

Экинчиден, Беруни менен Кушейринин өмүрү, чыгармачылыгы орто кылымдын алгачкы мезгилдерине туура келгендиктен да алардын пикирлери башка авторлордун божомолдоруна салыштырмалуу чындыкка жакындай туюлат.

Үчүнчүдөн, Абу Райхан Беруни өз мезгилинин улуу ойчулдарынын жана энциклопедисттеринин бири болгон. Анын ошол мезгилде кеңири таралган суфий окуусу менен башкаларга караганда жакындан тааныш

болгондугу күмөн санатпайт. Ал эми Абул Касым аль-Кушейри болсо өз эмгектеринде Куран жана суннага азыраак кайрылып, суфий трактаттарынын маани-маңызын ачууга көбүрөөк аракет жасаган.

Суфизмден бөлүнүп чыккан ар бир тармак өз уюмдарына ээ болгон. Мындай уюмдар аны негиздөөчүлөрдүн же насаатчыларынын (мудшид) аттарын алып жүрүшкөн. Мындай насаатчылар өз иш-аракеттеринде шакирттеринин (мурид) бирин тандап өзүнө орун басар, жардамчы шайлап алышкан. Насаатчы дүйнөдөн кайткандан кийин орун басары анын ордун ээлеп, хиркасын (жүндөн токулган сырт кийим) кийип жүргөн. Мына ушинтип, бул хирка адамдардан адамдарга (мурунку жардамчыдан кийинки жардамчыга) өтүп, муриддин өзгөчө кызматын көрсөткөн.

Суфизмдин пайда болушу карапайым калктын үстөмдүк кылуучу тапка нааразылыгын билдирүүнүн пассивдүү түрү болгон. Алар бай, колунда бар адамдардын жана бийлик өкүлдөрүнүн жакшы жашоосуна каймана түрдө болсо да наразычылыгын билдиришкен.

Белгилүү Чыгыш таануучу, академик В.В.Бартольд башка диндердин жана мусулман динине чейинки агымдардын суфизмге тийгизген таасирлери тууралу мындайча жазат: “Формалдуу түрдө Куранга жакын тургандай, ага ишенгендей жана анын сөздөрүн үстүртөдөн болсо да түшүнгөндөй болгону менен суфийлер, чындыгында, мусулман динине чейинки ишенимдерге бир топ жакын болушкан. Суфийлердин Кудайга болгон ишенимдери антикалык философиянын, неоплатончулардын жана неопифагорчулардын көз караштарына жакын. Ошондой эле, суфийлердин ишенимдеринин Батыштагы еврей кабаласы жана буддизм, жалпысынан Чыгыштагы индустук дервишчиликтин өзгөчө белгиллери менен да окшошуп кеткендиги байкалат”.

Бара-бара суфизмде аскетизм менен кошо мистиканын жана Кудайды мистикалык түрдө таануунун элементтери пайда боло баштайт да муну менен суфизмди “Кудайды сүйүүнүн гимнине” айландыруунун аракеттери башталат (X-XI-кылымдар).

Жогоруда айтылып өткөндөй, суфизмдин ичинде ар кандай мектептер, багыттар жана агымдар пайда болгон. XV кылымда кеңири таркалган агымдарга гана кыскача токтолуп кетели, алар төмөнкүлөр:

1. Тайфурия – Бистомдук Абу Язида Тайфура ибн Исонун аты менен аталып калган. 2. Жунайдия – бул агым белгилүү суфий Жунай Багдади тарабынан негизделген (VIII кылым). Тайфуриячылардан айырмаланып бул агымдын жактоочулары жогорку максатка жетүүнүн бирден-бир жолу соо, сергек жашоо (хушьери) деп эсептешкен. 3. Кубравия - бул агымдын негиздөөчүсү болуп Наджмиддин Куро эсептелет. 4. Кассария – бул Абу Салах Хомдун Кассардын (893-жылы дүйнөдөн өткөн) атынан келип чыккан. 5. Сайери – анын негиздөөчүсү Мерва шаарында туулган Абул Аббос Сайери болгон да суфий окуусун Мерва шаарына жана ага жакын жайгашкан аймактарга жайылткан. 6. Нурия – бул багыттын негиздөөчүсү Абул-хасан ан-Нури, ал шейх Сари Сакатинин шакирти болгон. 7. Кадирия – негиздөөчүсү Абулкадыр Гелони же Желони (1166-жылы дүйнөдөн өткөн).

Бул агым суфизмдин эң кеңири тараган агымдарынын бири болгон. 8. Сахли агымы шейх Сахл бини Абдуллох Тустари тарабынан негизделген. 9. Халладжия – ал алгачкы мезгилдердеги суфизмдин көрүнүктүү өкүлү Хусейн М ансур Халладждын (858-922) аты менен аталып калган. 10. Неьмотуллохи XIV кылымдагы кеңири таркалган жана белгилүү болгон суфий агымдарынын бири болуп саналат. Анын негиздөөчүсү болуп XIV кылымдагы белгилүү акын жана суфий Шах Нуриддин Неьмотуллох ибни Абдуллох Кирмани эсептелет. 11. Бектоши агымы XIV кылымдагы Бектоши ажынын атын алган. 12. Нурбахшия агымы Сайид Мухаммад ибни Абдуллох Каьни Нурбахшынын аты менен аталган. 13. Сухравардия – бул агымдын негиздөөчүсү болуп шейх Сухраварди эсептелинет. 14. Хакими агымы Мухаммад ибни Хомид тарабынан негизделген. 15. Ясавия агымы Ахмад Ясави тарабынан негизделген (XII кылым). 16. Мавлавия суфий агымынын негиздөөчүсү болуп XIII кылымдагы тажик элинин көрүнүктүү философу жана коомдук-саясий ойчулу, улуу акын Жалолиддин Руми эсептелинет.

XIII кылымдын экинчи жарымынан баштап Накшбандий суфий агымы кеңири белгилүүлүккө ээ боло баштайт. XII-XIV кылымдардын тарыхый-социалдык шарттарында Нахшбандий суфий агымынын насаатчыларынын жана башчыларынын кадыр-барктары абдан күчөп, бул идеялар калктын калың катмарына кеңири тараган. Орто Азиянын жана Ирандын түрдүү шаарларында бул суфий тармагынын методдоруна жана принциптерине кызыккан, алардын насаатчылары менен жолугушууга жана маектешүүгө умтулгандар көбөйгөн.

Суфийлердин ходжаган агымынын негизги идеялары накшандбизмдин жолун жолдоочулары тарабынан андан ары улантылган жана өнүктүрүлгөн. Накшбандий агымы Накшбанди (металлдан оймо-чийме жасоочу) деген лакап атка конгон бул агымдын негиздөөчүсү Бахсуддин кожонун аты менен аталып калган. Анын толук аты – Бахоуддин Мухаммад ибни Мухаммад ал-Бухари Накшбанди (1318-1389).

Накшбандизмдин кеңири тарашынын себеби анын жобо-принциптеринин шариаттын догматтарына ыңгайлашуусунда деп божомолдойбуз. Анын үстүнө, бул агымдын жоболору мусулман дининин жана Мухаммад пайгамбардын айткандарынын чегинен кескин чыкпайт.

Биринчи баптын **«Суфизмдин логика-гносеологиялык экспликациясы»** деп аталган экинчи параграфында суфийлик окуудагы таанып-билүү теориясы, анын объетиси жана субъектиси биз иликтеп жаткан бул параграфта чагылдырылат.

XIII кылымдагы суфизмдин белгилүү өкүлү Жалалиддин Руми адамды абсолюттук чындыкты таанып-билүүгө жөндөмдүү бирден-бир акыл-эстүү жаныбар деп эсептөө менен мынтип жазат: "Биздин жардамыбыз менен чындык таанылып-билинсин деп Кудай бизди, адамды жараткан". Бул концепция боюнча таанып-билинүү, чындыктын ачылышы үчүн Кудай кандайдыр деңгээлде бизге, адамга муктаж.

Бүткүл суфий гнесологиясы хадистен келип чыгат жана ага негизделет, анда мындайча айтылат: "Мен жашыруун кенч элем, билингим жана

таанылгым келип адамды жараттым”. Демек, суфизм гнесологиясы боюнча таанып-билүүнүн объектиси Кудайдын өзү, ал эми Кудай тарабынан жаратылган адам таанып-билүүнүн субъектиси, анын максаты жана милдети – абсолюттук чындыкты аңдап-билүү.

Кудайды таануунун суфий теориясы боюнча таанып-билүүнүн методдору жана каражаттары катары ачылыш (кашф) жана шыктануу (илхам) кызмат кылат. Мында сезим жана акыл-эс таанып-билүүнүн каражаты катары чыга албайт. Пантеисттик тенденциялар басымдуулук кылган жана бытиенин биримдигинин колдоочулары болгон суфийлерде Кудайды таануу теориясынан сырткары дүйнө таануу теориясы да бар. Бул теория боюнча таанып-билүүнүн объектиси материалдык дүйнөнүн өзү, ал эми анын каражаттары – сезим, акыл-эс, байкоо жүргүзүү, салыштыруу, жашоо тажырыйбасы, эске тутуу ж.б. Суфийлер таанып-билүүнүн ар түрдүү формаларын таанышканы менен жогорку чындыкты (Кудайды) таанууда алардын маанисин чектөөгө алышкан. Алар Кудайды боорукердиктин, жоомартыктын жана кудайлык нурдануунун жардамы менен гана аңдап-билүүгө болот дешкен (Нуруллох). Бул идеялар белгилүү суфий Абдулмадж Саноинин (XI) төмөнкү саптарында бир топ даана берилген:

Акыл-эс анын босогосуна гана жеткирет
Жоомарттык Кудайды сага жакын келтирет.

Расмий ислам белгилегендей, абсолюттук чындыкты табуу үчүн жолго чыккан адам (гностик) пассивдүү, “эч нерсеге арзыбаган”, “Кудайдын кулу” катары эмес чарчабай-талбай узак мезгил изденген, түрдүү мистикалык баскычтарды басып өтүп, өзүн өзү таныган жана өзүндө абсолюттук чындыкты (Кудайды) байкаган активдүү индивид, мындай адам гана жогорку акыл-эске жетише алат.

Вахдати вуджуд жөнүндөгү суфизм окуусунун идеялык каршылаштарынын бул агымга болгон соккуларынан улам анын суфизмдин дүйнө таануу жана гносеологиясындагы маанилүү орду бар экендигин билебиз. “Пантеизм суфий дүйнө таанымынын өзөгү болуп эсептелинет, ал суфизм этикасынын (Кудайга жакындоо жана аны менен биригүү үчүн моралдык жактан тазалануу жана өнүгүп-өсүү), анын диний көз караштарынын (суфийлер боюнча ислам дини Кудайга жетүүнүн биринчи гана баскычы, исламдагы Кудайдан коркуу сезимдери суфийлерде ага жакындоо менен алмашылат), гносеологиясынын, эстетикалык көз караштарынын негизи болуп саналат”.

Суфизмдин концепциясына ылайык микордүйнө макродүйнөнүн ачыкка чыгышы, бир жан дүйнө жалпы жан дүйнөнүн бир бөлүгү, Кудай адамды жаратып жатып өзүнүн бардык сапаттарын, өзгөчөлүктөрүн таанып-билген. Мына ошондуктан да адам Кудайды аңдап-билүү үчүн адегенде өзүн өзү мыктылап таанып-билүүгө тийиш. Суфийлердин пикири боюнча таанып-билүү жолунда логико-аңдап-билүүчүлүк каражаттар катары ички да, сырткы да күчтөр кызмат кылат.

Суфийлердин таанып-билүү теориясы, жалпысынан алганда, идеалисттик мүнөзгө ээ деп жыйынтык чыгарууга болот, сырдуу жана ыйык

нерселерди аңдап-билүү процессинде чындыкка жетүүнүн мистикалык жана иррационалдык методдоруна башкы роль таандык.

Жан-дүйнөнүн жаралышы жана таанып-билүүнүн ар түрдүүлүгү тууралуу суфийлердин концепциясы да өзгөчө кызыгууну жаратат. Суфийлер таанып-билүүнү рационалдуу, теориялык жана сырттан байкоочу деп бөлүштүрүү менен материалдык дүйнөнүн кубулуштарына кайрылууга аргасыз, натыйжада каалап-каалабагандыгына, мистикалык ой-кыялдарына карабай алардын иррационалдык концепциясы айрым бир диалектикалык көз караштардагы материалдык пикирлер менен байытылган.

Экинчи бап **«Суфизмдин этика-эстетикалык доктринасы»** деп аталып, ал үч параграфтан турат.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Орто кылымдардагы араб-мусулман маданиятынын бир бөлүгүн түзгөн мистикалык-философиялык феномендин (суфизм) өзгөчөлүктөрүн изилдөө (моралдык, нравалык, гуманисттик, этикалык, эстетикалык, маданий) жана анын ички табияты изилдөөнүн объектиси болуп эсептелет.

Ал эми аталган объектини адекваттуу аңдоого мүмкүнчүлүк шарт түзгөн логикалык каражат-ыкмалар (түшүнүктөр, категориялар, жоболор, парадигмалар) карама-каршылыктын чыңалышы, чечилиши, тарыхый конкреттүүлүк, логикалык татаал, объективдүүлүк, жөнөкөйдөн татаалга, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө умтулган тааным процесси, объективдүү жана субъективдүү акыйкаттык ж.б. **иликтөөнүн предмети** болуп саналат.

**Иштин методологиялык жана теориялык негизи катары** тарыхый-философиялык салыштырма, дүйнөлүк философиянын айрыкча орто кылымдардагы суфий аалымдарынын, суфизмдик классикалык ойчулдардын, чыгыш ойчулдарынын, кыргыз философторунун кыргыз философиясынын жана коомдук ойлорунун тарыхына арналган изилдөөлөрү, этика, эстетика тармагындагы ачылыштар, анын эволюциялык процесстери жана гуманисттик багыттагы жалпы эле илимий эмгектер кызмат өтөдү.

Жогорудагы методологияны таяныч катары пайдалануу менен алдыга койгон максат-милдетти аткаруу үчүн төмөнкүдөй методдорду колдондук: жалпы илимий-методикалык, тарыхый-логикалык, системалык, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, диалектикалык, аналитикалык, анализдик жана синтездик методдор, эпистемологиялык, аксиологиялык, коммуникативдик, семиотикалык жана социодетерминанттык принциптер жобо катары эске алынды.

Экинчи баптын биринчи параграфы **«Суфизмдик социоэтиканын гуманисттик мазмуну»** деп аталат. Анда орто кылымга мүнөздүү болгон моралдык-нравалык нормалар, адамдардын жүрүм-турум эрежелери, социалдык адилеттүүлүк сыяктуу баалуулуктар талдоого алынып чагылдырылат.

Суфизм кандай гана болбосун диний-философиялык окуу сыяктуу эле өз максатын дүйнө түзүлүшүн түшүндүрүүдөн, андагы адамдын ээлеген ордун жана жашоодогу адамдын аткаруучу вазыйпасын аныктап берүүдөн гана көрбөстөн (б.а. дүйнө көз караштык функциясынын тышкары), өзүн

адамдардын жүрүм-турум эрежелерин, жеке жана коомдук моралды аныктаган социалдык-уюштуруучу система сыпатында да көрсөткүсү келет.

Мусулман маданиятында адамдын жүрүм-турумун тескөөдө байыркы Кытайдагы мисалга көбүрөөк окшош болгон эки багыттын параллелизминде байкалат. Бири, көбүнчө тышкы, коом тарабынан санкцияланган нормативдерге ыктаган багыт болсо, экинчиси – абсолюттуу Жалгыздын принциптерин адам жеке өзүндө калыптандырган багыт. Биринчи багыт ар түрдүү секталык формалардан турган ислам окууларынан, экинчиси – ислам мистицизминен турат.

Суфизмдин жактоочулары идеалдуу жүрүм-турум катары диний доктринанын рамкасы менен чектелбеген, айрым учурларда болсо алтурсун аларды көзгө илбеген же танган жүрүм-турумду эсептешет. Алардын ар бир мусулман үчүн милдеттүү болгон беш буйрукка болгон мамилесин көрсөтмө катары айтсак болот. Суфийлер шексиз түрдө “Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын элчиси” деген формуланы кабыл алышкан, бирок, көрсөтүлгөн формула алардын чечмелөөсүндө салттуу исламдагыдан көбүнчө кардиналдуу айырмаланган: диний монотеизмге көбүрөөк кудайды жана макулуктар дүйнөсүн пантеисттик түшүнүү каршы коюлган, аны болсо мусулмандык ортодоксия эң “зыяндуу” окуулардын катарына кошкон.

Кудайга кайрылуу өтүнүч менен гана чектелбеши керек. Жакшылыктарды жалынып-жалбарып суроо, суфийлердин түшүнүгү боюнча моралга каршы келет (аморалдуу), соодалашуунун эле бир түрү (“мен сени даңазалап, даңктаймын, ал эми сен ошол үчүн мага сураганымды бер”), анткени, Ибн Араби жазгандай: “Кудай сыйынган, табынган адамга анын адамдык маңызына туура келбеген эч нерсени бербейт”. Ошол эле учурда, айтылган дубалардын баалуулугун тааныган адамдар шариатты сактаган такыба мусулман үчүн намаз, анда айтылган дубалар – парз болсо, суфий үчүн ал – “кудай менен жашырын сүйлөшүү” муктаждыгынын көрүнүшү деп белгилешкен. Ырасын айтканда, намаз учурунда кайрылып жаткан кудай-маектеш түбү келип экинчи “мен” болуп калган жана дуба, чынында, ички диалогко айланган: “Өзү ишенгенди даңазалоо менен бирге ал өзүн даңазалап жатат” .

Рамазан айында орозо кармоо жана “зекет” – кедей-кембагалдардын пайдасына салык төлөөгө тиешелүү маселелерде суфийлер өтө катуу позицияны кармашкан. Орозо тутууну алар өздөрүнүн мистикалык практикасынын сөзсүз аткарылчу шарты катары карашкан: тамакты аз жеш, аз уктоо, аз сүйлөө – күнүмдүк турмуштун принциптери катары кабыл алынган. Алар бир айлык орозо кармоо менен эле чектелишкен эмес жана жыл бою күн алыс орозо кармашкан (саум дауди). Негизинен алгачкы суфийлер ачкачылык культуна үгүттөшүп, узак мезгил бою тамак-аш ичпөө “жүрөктүн караңгылыгын жарыкка айлантат”, кудайдан келген рухий азыкка жол ачат деп айтышкан. Кийинчерээк суфий ордендери алгачкы суфийлердин практикасынан баш тартышкан. Накшбанди орденинин суфийлери, мисалы, “Чыныгы орозону шайтандын азгырыктарына

азгырылбаган жана ошол себептүү өз башына жаман ойлор келбеген адамдар сакташат" деп үйрөтүшкөн.

Жалпысынан шариаттын талаптарын сактоо руханий өсүп-өнүгүүнүн алгачкы тепкичинде тургандар үчүн милдеттүү болуп саналат. Бирок, жүрүм-турумдун формалдуу кодекси мистиктерди канааттандыра албайт, анткени алар диний канондор тааныган такыбалыктан да зор нерсеге жетүүгө умтулушат. Бирок, эгерде Ибн Арабиде ал-инсан ал-камил көбүнчө бирдиктүү менен көптүктүн, жалпы менен жекеликтин, маңыз менен кубулуштун проблемасын чечүүчү принциптин метафизикалык функциясын алып жүрсө, бир топ кийинки суфийлердин түшүнүгүндө биринчи планга кудай менен адамдын ортосунда ортомчулук ролду аткарган Кемтиксиз адамдын диний функциялары чыга келген.

Ал-инсан ал-камилди метафизикалык жана диний чечмелөөгө жол берилиши, адепттин (кандайдыр бир окуунун абдан ишенген жактоочусу) интеллектуалдык деңгээлине жараша нравалык өркүндөтүүнүн принциптерин калыптандырууга мүмкүндүк берген. Суфизмдин көпчүлүк жолдоочулары үчүн жөнөкөй, адатта, сабатсыз адамдар үчүн бул процессте ориентир болуп "олуя, касиеттүү адам" – устат саналган. Анын жашоосу, жүргөн-турганы жогорудагы адамдар үчүн көз көрүнө мисал болгон, туурап жашай турган үлгү катары кабыл алынган. Чындап эле алар устатты туурашкан, көбүнчө эч ойлонбой эле туурашкан. Натыйжада, көбүнчө өз эркине ээ болбогон жана тажрыйбасыз адамдарды бүт бойдон баш ийдире билген калпычы жана өкүмчүл адамдардын колундагы куралга айланышкан.

Ошону менен бирге эле ал-инсан ал-камилди метафизикалык чечмелөө өзүнө көптөгөн гуманисттик дүрмөттөрдү да камтыган. Адеп-ахлактын эталону, жакшылык менен жамандыктын индикатору болуп өзүн-өзү таануу, өзүнүн чыныгы "менине" ээ болуу жолунда өсүп-өнүгүүгө жөндөмдүү болгон адамдын дал өзү боло алат жана болушу да керек.

Жакшылык менен жамандык кудайдын жуп, кошмок атрибуттары: боорукердик менен өч алуунун обьективдүү көрүнүштөрү катары саналат. Алар Жаратkандын өзүн-өзү манифестациялоо каалоосунун натыйжасы. Б.а. белгилүү бир мааниде детерминацияланган. Мындай мамиле эмнеге алып келээрин түшүнгөн суфийлер, жакшылык менен жамандык обьективдүү болгону менен адам тандоо эркиндигине ээ деп түшүндүрүүгө аракеттенишкен. Тилекке каршы, адам баласы адатта, жамандыкты тандайт.

Курандагы версияга ылайык (7-сүрөөнүн 10 аяттары), мусулман мистиктери Адам – адамдардын түпкү атасы, шайтан азгырыгынан улам күнөөгө баткан деп эсептешет. Бирок, ошол күнөөгө батуудан алар жакшылыкты жараткан жамандыкты көрүшөт. Анткени, эгер Адам күнөө жасабаганда ал бейиштен куулмак эмес жана жер бетинин «эгеси» да болмок эмес. Суфийлер адамдын азгырылышынын мааниси менен азгыргычтын – шайтандын ролун Библия менен Куранга караганда башкача интерпретациялаганга ынта коюшат. Алар үчүн шайтан кудайдын душманына караганда адамды сыноодон өткөрүүдөгү анын союздашы. Бул

пикир суфизмди изилдөөчүлөргө ал окууда алтурсун шайтанды реабилитациялоого болгон тенденциянын бар экенин айтууга негиз берет.

Ошол эле учурда суфизмдин этикалык кредосу бир жактуу эмес, тандалмалуу болуп калган. Адепттердин көпчүлүгү исламдын негизги жоболорун жана догматтарын өздөштүрүүгө, тарика жолуна түшүүнүн милдеттүү алдын-ала шарты катары шариаттын буйруктарын бекем сактоого милдеттүү болгон. Өсүп-өнүгүүнүн кийинки тепкичинде адам иш-аракетинде жана кылык-жоруктарында болсун, дале эркин болгон эмес, аларды ал шейхтин насааттарына ылайыкташы керек. Шейхтин көзүнчө ал өзүн “жуугучтун колундагы өлүк денедей” алып жүрүшү керек. “Мурид” деген түшүнүк, сөзмө-сөз которгондо “өзүнүн эркин тапшырган” дегенди билдиргендиги кокусунан эмес. Бир гана тандалгандар, арифтерден – чыныгы болмушту тааныган, өсүп-өнүгүүнүн акыркы, үчүнчү баскычына – хакикага жеткендердин арасынан чыккандар моралдык эркиндикке ээ.

Суфизмдин кайсыл-бир бөлөк аспектисине караганда дал этикалык көрсөтмө, жоболордун карама-каршылыктуулугу анын тарапташтары менен каршылаштарынын талаш-тартышын жана идеялык полемикасын пайда кылып келген жана пайда кылууда.

Экинчи баптын «**Сулуулук», «кооздук» категорияларынын диний-мистикалык формалары»** аттуу экинчи параграфында «кооздук», «сулуулук», «боорукердик», «ырайымдуулук», «мээримдүүлүк» өңдүү категориялардын парасаты суфизмдик-мистикалык окууда жогорудагы эстетикалык түшүнүктөр протофилософиялык өңүттө каралган.

Мусулман идеологиясы эстетикалык булакты материалдык чындыктан эмес жан дүйнөнүн өзүнөн издеген, материалдык дүйнөдө кооздукка орун жок деген ойду таңуулап, аркы дүйнөдөгү жыргалчылыкты тирүү жашоодогу кыйынчылыктарга каршы коюшкан. Куранга ылайык бардык улуулукту Кудай алып жүрөт, адам болсо негативдүү түрдө гана мүнөздөлөт, ал Алланын күчтүү кубатын, акыл-эсин жана боорукердигин ишке ашыруучу гана каражат. Адамдын турмуш жолу Куран боюнча тыюулардын жана мүмкүнчүлүк берүүлөрдүн иштелип чыккан системасы аркылуу алдын ала чечилген.

Мистикалык суфизмдин башчысы Сухраварди: «Кудайдын Биринчи Абсолюттук Жарыгы туруктуу жарыктыкты, ал өз нуру менен бардыгына жашоо берет. Дүйнөдөгү бардык нерсе Жарыктан жаралган, жашоо, жаратылыштын бардык кооздугу жана жашоодогу жыргалчылык – Алланын жоомарттыгынын натыйжасы», - деп жазган [Стеблева, И. Турк тилиндеги байыркы адабият [Текст] / И. Стеблева // Ала-Тоо. - 1990. - №7. - 114-124 б.].

Суфизмдин орто кылымдарда иштелип чыккан теорияларынын биринде кооздукту жана сулуулукту сезүүнү күчөтүү баса белгиленет. Бул доорлордогу адабий мурас «Махаббат аль жамалда» (сүйүү жана сулуулук) тарбияга өзүнчө орун берилет, мында негизги басым кооздук жана сулуулукка утилитардык жана эгоисттик максатта мамиле жасабоого чакырылат. Мисалы:

- адамдын өз жашоосун сүйүүсү, аны сактоосу жана өнүктүрүүсү;

- адамдарга карата болгон урматтоо жана сүйүү, өзүнө пайда болбосо да башкаларга жакшылык кылуу;

- өзү үчүн жакшылык алып келе тургандарга урмат көрсөтүү, анын сакталышына кам көрүү, зыяндуу нерселерден качуу;

- сырткы сулуулугуна жана коoздугуна же ички таза облигине карабай татынакай нерселерге болгон сүйүү;

- ички гармониялык жакындаштыгы бар адамдарга карата болгон сүйүү.

Коoздукту аныктоо үчүн суфизмде төмөнкүдөй терминдер иштелип чыккан: «татынакайлык», «коoздук», «сулуулук», «жагымдуулук», «аруулук», «тазалык», «жакшынакайлык», «ачыктык», «жанга жакын», «нур», «жарык» ж.б. Коoздук алардын пикири боюнча Кудай берген тартуу. Суфий Айналкүзөт дүйнөнүн коoздугу – Кудайдын жагымдуулугунун чагылышы деп эсептейт.

Кудай берген коoздук түбөлүктүү жана туруктуу, аны ар ким эле байкай жана баалай бере албайт, бул коoздук адам баласына кубанычты, ишенимди жана өзүнө-өзү ишеничтүүлүктү берет. Ал негизги мистикалык баскычтардан (шарият, тарикат, маърифат, хакикат) өткөндөргө гана ачылат. Адам Кудайдын эрежелери менен жашоого жана билимдүүлүк, акыл-эстүүлүк, кайрымдуулук жана боорукерлик, жаман адаттардан качуу жана жамандарга теңелбөө, чынчылдык сыяктуу сапаттарга ээ болууга тийиш.

Суфийлер эстетикалык доктринадан алып караганда нравалык багытты тандашкан, алар ар кандай өзгөрүүлөргө, жогорку рухка ишенүүнү талап кылышкан, мына ушул себептүү суфизм Кудай үчүн деп адамдын маани-маңызын адамдын өзүнөн четтеткен. Ыймандуу жана ырайымдуу, таза жана адилет, бирөөлөрдү коргой жана көңүлүн көтөрө билген, Аллага жана түбөлүк бытиеге берилүү менен ишенген адам гана коoздук менен сулуулукту байкап-баамдай билет жана түбөлүк жашоого ээ болот деп ишенишкен.

Абсолюттук сулуулукка жараткан Алла гана татыктуу, башка нерселердеги жана жандуулардагы коoздук менен сулуулугу алардын кызматы, табияттагы орду менен байланышкан, чыныгы коoздук жана сулуулук адамдын акылына жараша бааланат. Ал ички сулуулук жана боорукердик менен ажырагыс байланышта, мындай сулуулуктун формасы, түсү, образы жок, ал адамдын башкалар менен болгон мамилесине жана жасаган иштерине карата таанылат жана байкалат. Суфизмдеги сүйүү – жаратылышка жана Кудай берген коoздук менен сулуулукка болгон табигый жана тубаса сүйүү, ал адамдарга канааттануу жана рахат тартуулайт да сүйүү жана сулуулук менен коoздуктун биримдиги суфизмде айдан ачык байкалып турат.

Экинчи баптын **«Куттуу билимдеги» этика-эстетикалык суфифемалар»** аттуу үчүнчү параграфында болсо, Жусуп Баласагындын аталган чыгармасында суфийлик идеялардын чагылдырышы, адам жашоосундагы теңдик, укуктук –этикалык нормалардын сакталышы жана

эстетикалык идеялардын өзгөчөлүктөрү жана баалуулуктарына ретроспективдүү анализ жүргүзүлөт.

Жусуп Баласагындын дүйнө таанымын, биринчиден, мусулман традиционализминин контекстинде, башкача айтканда, позитивдүү диний системада, экинчиден, Баласагындын дүйнө таанымын суфизмдин контекстинде кароого болот. Буга чейин белгиленип өткөндөй, түрктөрдө суфизм бир топ ийгиликтерге ээ болгон, себеби мусулмандардын Теңир, ыйык Жер-Суу, Умай эне жөнүндөгү көз караштарын жана ата-бабалардын дүйнө таанымын суфизм менен өз ара байланыштырып синтездөөнүн мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Б.Исматов «IX-XV кылымдардагы фарс-тажик поэзиясындагы пантеисттик философиялык поэзия» китебинде суфизмдеги ортодоксалдык, монисттик суфизмди жана пантеисттик, еретикалык суфизмди – «ирфандык пантеизмди» бөлүп көрсөтөт [Табышалиева, А. Вера в Туркестане [Текст] / А. Табышалиева. – Бишкек: АЗ-МАК, 1993. 49-б.].

Баласагындын поэмасы абдан татаал чыгарма, трактат ирилешкен ыр формасында – масневи түрүндө жазылган жана автордун ою басымдуу түрдө символикалык образдар менен берилип, мындан суфий табиятынын таасирин байкоого болот. Масневи жанры тууралуу Е.Э.Бертельс мынтип жазат: «Бул орто кылымдык мусулман маданиятында пайда болгон дидактикалык диний-философиялык поэма, суфий эпосу. Бул жанрдын өзгөчөлүгүнүн бири – дүйнөнүн бүтүн метафизикалык картинасын түзүү, анын башка бир стили – санат-насыят, үлгү ырларынын топтому. «Кут алчу билимдин» текстинин негизиндеги мындай образ – философиялык эзотерикалык таухид жөнүндөгү окуу болуп эсептелет [Игнатенко, А.А. Ибн Халдун [Текст] / А.А. Игнатенко. – М.: Мысль, 1980. 439-б.].

Жусуп Баласагындын чыгармасында мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү берилген. Анын ырааттуу иерархиялык социалдык-саясий баскычтардан турган структурасы бар. Мамлекеттин башында адилеттикти, калыстыкты нарктаган өкүмдөр турат. Ал адамгерчилик сапаттардын мыктыларын гана өз оюна сиңирген, ар тараптуу билими бар инсан. «Куттуу билимде» автор өкүмдар үчүн зарыл адеп-нравалык принциптердин системасын иштеп чыккан. Өкүмдарлыктын адилет болушу, жалпы журтка калыс, гумандуу кароо идеясы чыгарманын бүт тулкун аралап өтүп, акыл менен насыяттарга сугарылып, азыркы тил менен айтканда, жашоонун кодекси, негизги мыйзамына айланып калган деп белгилөөгө болот.

Гуманист-ойчул эзүүчүлүктү, таптык текеберчиликти, ач көздүктү жектеп, адамдын мейли бай, мейли кедей болсун кадыр-баркын жогору баалаган. Хандар бектерге кайрылып, автор аларды кенендикке, сабырдуулукка, боорукерликке, дыйкандардын, малчылардын, кол өнөрчү, усталардын ак эмгегин адилет, калыс баалоого үндөгөн. Ал эми караламан калкты өз бектерине, өкүмдарларына ак кызмат өтөөгө, алардын жакшылыгын дайыма көңүлгө тутууга чакырган. Автордун ою боюнча, ошондо гана коомдо бейпил, бакубат турмуш, үлгүлүү мамилелер өкүм сүрөт.

Суфий поэзиясынын өзгөчөлүгү образдык курулуштардын полярдуулугунда. Бизге белгилүү болгондой, бардык суфий окуулары Абсолюттагы кескин карама-каршылыктардын куюлушунун мотивинде түзүлгөн. Бул принцип Жусуп Баласагындын поэмасында образдарды карама-каршы коюу, бир канча бири-бирине каршы келген окуя, көрүнүштөрдү жаратуу жолу менен ишке ашкан. Образдуу карама-каршылыктарга төмөнкү мисалдарды келтирүүгө болот: ийри-түз, бир ордунда туруп калуу-алга умтулуу, мох-дарак, кыймыл-аракет-аракетсиздик, жаш бала-абышка, ак куу-карга, нымдуулук-кургактык, чөл, чыгыш-батыш ж.б.д.у.с.

«Сулуулук» категориясы философиянын негизги маселеси менен тыгыз байланышта, башкача айтканда, ал жаратылышта болобу, же көркөм чыгармадабы; аны ким, кантип баалайт? Н.Г.Чернышевскийдин оюу боюнча эң жогорку сулуулук – искусство аркылуу жаралган чындык [Чернышевский, Н.Г. Избранные эстетические произведения [Текст] / Н.Г. Чернышевский. – М.: Искусство, 1974. 17-б.]. Демек, ар дайым ар кандай көркөм чыгармаларда, поэзияда, жалпы эле искусстводо кооздук, сулуулук табит тартууланып жана чагылдырылат. Философиянын негизги маселесинин рамкасында алганда, албетте, сулуулук алгач жаратылышта жашайт. Бирок ага ар ким, ар кандай – утилитардык, эстетикалык, педагогикалык назар менен карашат. Ошолордун арасынан поэтикалык-эстетикалык таанып-билүү сулуулукту пайда кылат. Себеби, көрүнгөн эле инсан жаратылыштын кооздугун таанып-билмек түгүл баамдай да албайт.

Өтө парасаттуу, дили таза инсан катары «Куттуу билимдин» автору адам үчүн кол жеткис, таңсык буюмдарга оң салыштырууну колдонгон. Атап айтканда, «…жаздын атыр жыты, бейиштин жыргалындай мээрим берди»; адамзат жактырган куштардын сөзсүз ошол эле адамзат аздектеп мактаган, колдон келсе, чер жазып, эстетикалык рахат алчу жерде жүрүшү шарт.

Булбул сайрайт кубулжутуп гүлзарда,
Күнү-түнү издегенсип бир арга.

Көркөм сүрөттөөнүн бир түрү – антитеза (гр. antithesis «карама-каршы» деген мааниде, анти-каршы, теза-ой). Бул каражаттын жардамы баяндалып жаткан буюм кубулуштун көркөмдүк сапаты күчөтүлөт. Кала берсе, аталган ыкма - диалектиканын мыйзамынын поэзиядагы көрүнүшү. Жусуп акын бул ыкманы да назиктик, билгичтик менен пайдаланган:

Күн бүркөлсө, булут ыйлап басылар,
Гүлдөр күлүп, күн тийгенде чачылар .

Айтылган тезистен тышкаркы бул саптардан дагы бир ой келип чыгат: жаратылыштын бир бөлүгүндөгү коозсуздук анын башка бир алкактарындагы көңүлсүздүктү, тескерисинче бир чөйрөдөгү көркөмдүк домино эффекти сыяктуу калган бөлүктөрдө көңүлдү маанайды - кооздукту пайда кылат. Демек, айлана-чөйрөнүн элементтери кооздук да, коозсуздук да бири-бири менен детерминисттик байланышта.

Бирок дастандын эстетикалык баалуулугу анын коомдук өсүшкө керектү ар түрдү көз караштарга, ойлорго бай экендигинде гана болбостон,

баарыдан мурда ал ойлорду поэтикалык образдар, ар түрдү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу так, элестү көрсөтө алгандыгында. Буга далил катары чыгарманын көркөм композициясын бекемдеп турган элементтердин ээлеген орду, аткарган көркөмдүк кызматы жөнүндө айтуунун өзү деле жетиштүү болгудай.

«Куттуу билим» - сейрек учуроочу табылга, анда дидактикалык көркөм каражаттар менен белгилү ченемдер баяндалган. Миң жыл мурда жашап, эмгектенген бабабыз аң-сезимден тышкары сулуулук менен сонундукту, асылдыкты ажырата билген:

Жүзү эмес, көңүлү сулуу болсун.  
Сени дагы тазартат пейли кенен!  
Сулууну эңсегендер, шашылбагын,  
Кызыл жүзү саргайат акыр анын!

Пикирибизде «көңүл сулуулугу» - асылдык, сонундук, инсандын ички маңызын билдирсе, ал эми «жүзүнүн сулуулугу» - анын тышкы көрүнүшү, формасын билдирет.

Диалектикалык чыгарманын классикалык үлгүсү болгон бул дастанда орто кылымдарда түрк элдерине мүнөздү болгон адеп-ахлактык жана эстетикалык маселелердин баары камтылган. Ал маселелерге карата автордун көз караштары бүгүн жана эртең да өз маанисин төмөндөтпөстөн, тескерисинче, чыгарманы сүйүп окугандарды, тамшандырып, таң калтырган эстетикалык ырахат тартуулаган, окурмандардын руханий дүйнөсүн байыткан таасирлү күчүн арттыра бермекчи. Анткени, адам турмушу түгөмөйүнчө адамгерчилик сапатты даңктаган улуу идеялар, салттар улана берет.

## КОРУТУНДУЛАР

Суфизмдин тарыхый-философиялык жана моралдык-эстетикалык мазмунун жана классикалык өбөлгөлөрүн талдоого алган диссертациянын корутунду бөлүмүндө изилдөөнүн мазмунунда камтылган конкреттүү-тарыхый ойлом материалдарды жалпылоонун негизинде түзүлгөн төмөнкү концептуалдуу ой-бүтүмдөр, жыйынтыктар жана жоболор чагылдырылды:

1. Байыркы мезгилден тартып бүгүнкү биз жашап жаткан күнгө чейин моралдык-эстетикалык маселелердин көп жактуу сырлары жана кырлары ачылып келди. Маселен, адамзат анын турпаты, жүрүм-туруму, эс-тутуму, таанып-билүүсү, сулуулугу, сүйүү сезими ж.б. боюнча ар тараптуу изилденип-жазылып келүүдө. Мына ушундай изилдөөлөргө параллель нукта орто кылымдарга мүнөздүү болгон диний-философиялык агым, борборазия элдерине тиешелүү рухий феномен суфизмдеги адамдык сапаттар, анын сулуулугу туралуу парадигмалар тарыхый-философиялык өңүттө тастыкталып олтурат.

2. Илим менен техника өнүккөн азыркы учурда, дүнүйө бир алкактуу (плоскость) өнүгүп жаткан мезгилде адам баласынан ыйман, инсап качып, рухий жардылуулук күч алды. Мындай абалда жалпы баалуулуктар, асылдыктарга болгон кызыгуу окумуштууларды түйшөлтө баштады. Ыйман

деградациясы күчөгөн бүгүнкү күнү суфизмдеги адеп-ахлакка, нравалык нормаларга, моралдык-этикалык, маданий-эстетикалык концепттерге кайрылууга коом өзү муктаж кылып олтурат.

3. Суфизмде адамзат жашап жаткан бул дүйнөнүн обьективдүү эмес убактылуу экендиги, ал эми инсан жашоосунун өмүрү түбөлүктүү эместиги айтылып, ошондуктан да реалдуу (кийинки) жашоого азыртадан даярдануу зарыл экендигин баса белгилешкен. Жыргал жашоо, байлык, бийлик өңдүү бир келип кетчүү нерселерге азгырылбай, адамдарга жакшылык жасоо, ар кандай нерсеге каниет кылып жашоо, каразгөйлүктөн, жалгандан алыс болуу ж.б.у.с. кеңештерди айтуу менен адам баласы түбөлүктүү жыргал (бейиште) жашоону камсыз кыла тургандыгы негизги суфизмдик кредо экендиги талашсыз.

4. Адилетсиздик, абийирсиздик адам баласы менен кошо жашап келе жаткандыгы суфийлерди ар дайым өкүндүрүп келген. Акыйкат-чындык, обьективдүүлүк, теңдик, реалдуулук жана идеалдуулук өңдүү рухий императивдер ар дайым адилетсиздиктин, жалгандын, абийирсиздиктин алдында алсыз болгондугу суфийлердин эмгектеринде байма-бай жазылып, чыныгы жашоого болгон чакырыктары бүгүн да актуалдуу мааниге ээ экендиги талашсыз.

5. “Куттуу билим” орто кылымдардагы суфизмдик чыгармалардын бири, андагы эстетикалык көз караштардын баалуулугу-анын коомдук болумушка тиешелүү ар түрдүү ойлорго бай экендигинде гана болбостон, баарыдан мурда ал концептуалдык идеаларды поэтикалык образдар, ар түрдүү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу сүрөткердик менен көрсөтө алгандыгында. Анын көркөм ойлоосунда адам сулуулугу менен жаратылыш кооздугунун эриш аркактыгы, айкалышы айгинеленип, инсан сымбаттуулугун көркөм сүрөттөөдө жаратылыш кооздугу эстетикалык онтоүлгү катары пайдаланылат. Демек, ой менен табият киндиктеш, шайкеш. Мындай көз караш–ойлом маданияты, табият таануу, турмуш үйрөнүү менен байланыштуу экендигин далилдеп, эстетикалык кумарды жараткан акылдуулук - табият-турмуш мыйзамын өздөштүрүүнүн натыйжасы экендигин таасындайт;

6. Жусуп Баласагын өз заманындагы коомдук-этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордогу суфийлик окуулар, маданият, дини менен байланыштырып, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. «Адам деген эмне? Аны жердеги уникалдуу зат деп атаса болобу? Адамдын жаратылышы, маңызы кандай?» деген суроолорго жооп издеген. Ойчулдун пикиринде Адам проблемасы – түбөлүктүү маселелердин бири. Анткени, жашоо чексиз, чексиздиктен тамыралган бул парадигма турмуш өр тарткан сайын жаңы өнүткө ээ боло берет. Ушундан улам чексиздикти чектүүлүк менен толук камтуу мүмкүн эмес. Ушулардын баарын эсепке алган Жусуп Баласагын билим кутун мүнөздөп жатып, жалпы адам эмес, конкреттүү айрым кесип ээлерине токтолгон. Адам өмүрүнүн мааниси жана маңызы, пенде баласынын коомдогу жүрүм-турум нормалары жана милдеттери таасын сүрөттөлүп, философиялык-эстетикалык ойлор менен

чулганган. Ошондуктан «Куттуу билимди» адамзатка ар убак рухий-нравалык азык болчу этика-эстетикалык кодекс катары бааласак болот.

Билбегенин билгени менен башкалардан айырмаланган Сократтын жупуну бирок бийик жобосун улантып, чыгыш перпатетиктери каймана ой жүгүртүүлөрү аркылуу философиянын теологияны адаштырган фалсафалык моделин түздү. Аль-Газалинин диний нуктагы «Төгүндөөнү төгүндөөсү», негизи болгон менен жалпысынан калпыс «комментаторлук» деген европоцентристтик эпитет суфизмдин чыныгы тарыхый-философиялык беделине кедерги боло алган жок. Суфизмдин али толук аңдала элек концептуалдык мурасын адекваттуу иликтөө – келечектин милдети. Демек, орто кылымдагы суфизмди жана анын чыгармачылыктарын окуп-үйрөнүүчү, изилдеген илимий комплекстүү тармак пайда болот деген оптимисттик ой бар.

**Диссертациянын негизги жоболору автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:**

1. Азизова, Д.Ш. Эстетика древних кочевников. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Известия ВУЗов. №11. – Бишкек, 2015. – С. 112-115. http://www.yandex.ru/clck/jsredir
2. Азизова, Д.Ш. Эстетические парадигмы суфизма. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Известия ВУЗов. №11. – Бишкек, 2015. – С. 115-118. http://www.yandex.ru/clck/jsredir
3. Азизова, Д.Ш. Об уровнях адаптации человека к условиям существования. [Текст] /Д.Ш. Азизова //Известия ВУЗов. №11. – Бишкек, 2016. – С. 200-202. http://www.yandex.ru/clck/jsredir
4. Азизова, Д.Ш. Адаптация түшүнүгү, анын өзгөчөлүктөрү жана философиялык статусу. [Текст] /Д.Ш. Азизова //Вестник ОГПИ имени А.Ж. Мырсабекова. №1. - Ош, 2017.
5. Азизова, Д.Ш. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коомдук формалары (Жамааттар, коомдук кеңештер, аксакалдар соту ж.б.). [Текст] /Д.Ш. Азизова //Вестник ОГПИ имени А.Ж. Мырсабекова. №1. - Ош, 2017.
6. Азизова, Д.Ш. Имплицитная эстетика доисламских религий. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Наука и новые технологии. №6. –Бишкек, 2017. – С. 162-165. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=30070450
7. Азизова, Д.Ш. Проблема подражания и общефилософский вопрос природы искусства ислама. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Сб. ст. международной научно-практической конференции «Инновационные подходы в современной науке». – № 5(5). – Москва, Изд. «Интернаука», 2017. – С.41-47. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=30003101
8. Азизова, Д.Ш. Эстетика ислама. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Сб. ст. международной научно-практической конференции «Инновационные подходы в современной науке». – № 5(5). – Москва, Изд. «Интернаука», 2017. – С.47-55. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=30003101

9. Азизова, Д.Ш. Историко-философская сущность эстетики в мусульманской культуре. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков, М. Матаев. //Вопросы гуманитарных наук. №1 (106). – М.: “Спутник +”. 2020. – С. 7-11. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42845451

10. Азизова, Д.Ш. Отражение эстетических идей мусульманской культуры в творчестве мыслителей Востока. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков, М. Матаев. //Вопросы гуманитарных наук. №1 (106). – М.: “Спутник +”. 2020. – С. 11-16. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42845451

11. Азизова, Д.Ш. Суфизмдин этика-эстетикалык табияты. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков. – Ош: 2020. – 150 б.

12. Азизова, Д.Ш. Социоисторические предпосылки распространения суфизма в Средней Азии. [Текст] /Д.Ш. Азизова, К.А. Исаков //Научные исследования в Кыргызской Республике. izdat.vakkr@yandex.ru

**Азизова Дилбара Шакировнанын «Суфизмдин табияты жана моралдык-эстетикалык философемалары» аттуу темада 09.00.03 - философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** гармония, генезис, гуманизм, императив, мистика, калам, парадигма, пантеизм, перипатетизм, сентенция. суфизм, суффа, суфон, суфифема, трактат, философема, экспликация, экстаз.

**Изилдөөнүн объектиси:** Орто кылымдардагы араб-мусулман маданиятынын бир бөлүгүн түзгөн мистикалык-философиялык феномендин (суфизм) өзгөчөлүктөрүн изилдөө (моралдык, нравалык, гуманисттик, этикалык, эстетикалык, маданий) жана анын ички табияты изилдөөнүн объектиси болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** орто кылымдардагы Борборазия элдерине тиешелүү, анын ичинен кыргыздарга да мүнөздүү болгон рухий феномендин (суфизмдин) генезисин, табиятын жана эволюциясын тарыхый-философиялык өңүттөн анализге алуу менен, анын моралдык-эстетикалык маани-маңызын илимий илимий назарияттын элегинен өткөрүү болуп саналат.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин** тарыхый-философиялык салыштырма, дүйнөлүк философиянын айрыкча орто кылымдардагы суфий аалымдарынын, суфизмдик классикалык ойчулдардын, чыгыш ойчулдарынын, кыргыз философторунун кыргыз философиясынын жана коомдук ойлорунун тарыхына арналган изилдөөлөрү, этика, эстетика тармагындагы ачылыштар, анын эволюциялык процесстери жана гуманисттик багыттагы жалпы эле илимий эмгектер түздү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Илимий иште негизинен алгачкы ирет буга чейинки изилдөөлөрдөн айрымаланып суфизмдин моралдык-эстетикалык философемалары тарыхый-философиялык рефлексияда талдоого алынды, бул иште жалпы социофилософиялык (дүйнө караштык) жоболор этика-эстетикалык концепттер менен тыгыз байланыштырылып каралып, идеялык жана гуманисттик компонент-философемалардын мазмунун далилдүү негиздер аркылуу айкындоого аракеттер жасалды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертацияда берилген корутундулар, тыянактар, сунуштар жана жыйынтыктар философиянын тарыхы, этика, эстетика, маданият таануу, жана кыргыз философиясынын тарыхы илимдери боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттар, изденүүчүлөр жана ушул тармак боюнча кызыккандар чыгармачылыгын өркүндөтүү үчүн жана атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Азизовой Дилбары Шакировны на тему «Историко-философские и морально-эстетические философемы суфизма», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 – история философии**

**Ключевые слова:** гармония, генезис, гуманизм, императив, мистика, калам, парадигма, пантеизм, перипатетизм, сентенция. суфизм, суффа, суфон, суфифема, трактат, философема, экспликация, экстаз.

**Объект исследования:** особенности (моральная, нравственная, гуманистическая, этическая, эстетическая, культурная) и внутренняя природа мистическо-философского феномена (суфизма), составляющего часть арабско-мусульманской культуры средневековья.

**Цель исследования:** историко-философский анализ генезиса, природы и эволюции духовного феномена народов Центральной Азии средневековья, в том числе кыргызов, а также их морально-эстетической сущности с точки зрения научной теории.

**Теоретическую и методологическую основу исследования** составили сравнительные историко-философские исследования в мировой философии, особенно исследования суфийских учёных средневековья, мыслителей-классиков суфизма, восточных мыслителей и кыргызских философов, посвященные истории кыргызской философии и общественной мысли, открытия в области этики и эстетики, их эволюционные процессы, а также научные труды гуманистического направления вообще.

**Научная новизна исследования:** в отличие от предыдущих исследований морально-эстетические философемы суфизма проанализированы в историко-философском рефлексе, общие социофилософские (мировоззренческие) положения рассмотрены в тесной взаимосвязи с этико-эстетическими концептами, сделана попытка выявления содержания идейных и гуманистических компонентов-философем на доказательных основах.

**Сфера применения:** выводы, рекомендации и результаты диссертации могут быть использованы при составлении учебных программ и учебников для вузов и средних общеобразовательных школ по истории философии, этике, эстетике, культурологии и кыргызской философии, а также могут быть использованы аспирантами, соискателями и всеми, кто совершенствует знания по данной отрасли и при преподавании спецкурсов.

## ABSTRACT

of the research dissertation of ***Azizova Dilbara Shakirovna*** entitled “"**Historical-philosophical and moral-aesthetic philosophemes of Sufism”** presented for the degree of candidate of philosophical sciences by the specialty: 09. 00. 03. – history of philosophy

**Keywords:** harmony, genesis, humanism, imperative, mysticism, kalam, paradigm, pantheism, peripatetism, maxim, sufism, suffix, sufon, sufifema, treatise, philosopheme, explication, ecstasy.

**The object of study:** Features (moral, fair, humanistic, ethical, aesthetic, cultural) and the inner nature of the mystical-philosophical phenomenon (Sufism), which forms part of the Arab-Muslim culture of the Middle Ages.

**The aim of the research:** Historical and philosophical analysis of the genesis, nature and evolution of the spiritual phenomenon of the peoples of Central Asia of the Middle Ages, including the Kyrgyz people, as well as the study of their moral and aesthetic essence from the point of view of scientific theory.

**Methodology of the theoretical survey:** The theoretical and methodological basis of the research are the comparative historical and philosophical studies in the world philosophy, especially the studies of Sufi scholars of the Middle Ages, Sufi classics, oriental thinkers and the Kyrgyz philosophers; studies devoted to the history of the Kyrgyz philosophy and social thought, as well as discoveries in the field of ethics and aesthetics, their evolutionary processes and researches of the humanistic direction in general.

**Research novelty**: Unlike previous studies, the moral and aesthetic philosophies of Sufism are analyzed in the historical and philosophical reflex, the general socio-philosophical (world outlook) positions are examined in close relationship with the ethical and aesthetic concepts; an attempt is made to reveal the content of the ideological and humanistic components, that is of philosophemes on the basis of evidence.

**Field of application:** The conclusions, recommendations and results of the thesis can be used to compile curricula and textbooks for universities and secondary schools on the history of philosophy, ethics, aesthetics, cultural studies and the Kyrgyz philosophy; they also can be used by graduate students, researchers and anyone who wish to improve their knowledge of the subject, as well as in teaching special courses.